**2020-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата "Кыргыз Туусу" Басма үйү мекемесинин ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**
**отчет**

2025-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планынын негизинде жана 2025-жылдын 31-июлундагы №06-1/466 буйругунун негизинде, “Кыргыз Туусу” Басма үйү мекемесинин (мындан ары - Мекеме) 2020-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата ишине шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жетекчиликтин жоопкерчилиги**

“Кыргыз Туусу” Басма үйү мекемесинин жетекчилиги мамлекеттик бюджеттин жана Мекеменин ишмердүүлүгүнөн келип түшкөн каражаттарынын тескелишине жана мыйзам чегинде ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предметине жоопкерчилик тартат.

**Аудитордун милдети**

Аудитордун милдети, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде, Мекеменин ишинин мыйзамдардын талаптарына (аудиттин критерийлерине) шайкеш келишине карата өз алдынча корутундуга (жыйынтыкка) келүүсүндө турат.

Аудит жыйынтыкты тастыктаган жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн, жол-жоболорду аткарууну өзүнө камтыйт. Аудитте чогултулган далилдер бул отчетто жазылган жыйынтыкты чыгаруу үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана тиешелүү болуп саналат.

**Аудит предмети**

Аудит предмети “Кыргыз Туусу” Басма үйү мекемесинин ишинин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында аныкталгандарга шайкеш келүүсүн, ошондой эле төмөндөгүлөрдү изилдөө болуп саналат:

-Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча эскертүүлөрдү жана сунуштамаларды аткаруу;

- “Кыргыз Туусу” Басма үйү мекемесинин кирешелер жана чыгымдар бюджетинин түзүлүшүн жана аткарылышын талдоо;
- Кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- Эмгек акы жана башка төлөмдөргө аудит;
- Отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөргө аудит;
- Негизги каражаттардын, ТМБнын сакталышына аудит;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” КР Мыйзамынын сакталышына аудит;
- Ижара мамилелеринин аудити;
- Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын талдоо.

**Аудит критерийлери:**

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому;

- "Кыргыз Туусу" Басма үйү мекемесинин Уставы;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралуу" токтому;

- 2014-жылдын 03-мартындагы "Кыргыз Туусу" газетасынын редакциясынын директору-башкы редактору тарабынан редакциялык кеңеште бекитилген кызматкерлерди моралдык-материалдык жана финансылык жактан сыйлоо жөнүндө жобо;

- Бухгалтердик документтер жана финансылык отчеттуулук.

**Иш-чараларды аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген, Шайкештик аудити үчүн колдонулуучу көрсөтмөлөр жана INTOSAI аудитинин сунуш кылынган негиз салуучу принциптерине ылайык иш жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары бизден этикалык ченемдерди сактоону, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык маанилүү аспекттеринде мыйзамдык жана жөнгө салуучу нормаларга ылайык келе тургандыгына негиздүү ишеним алуу үчүн, аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Ушул аудиттин жүрүшүндө Мекеменин тиешелүү болгон ченемдик-укуктук актылар, ошондой эле ички ченемдик документтер колдонулду. Тобокелдиктин белгиленген деңгээлдеринин негизинде, аныкталган тандоо көлөмүнө ылайык маселелерге аудит жүргүзүлдү.

**Корутунду**

Аудиттин жыйынтыгында, төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, Мекеме тарабынан бюджеттик жана Мекеменин ишмердүлүгүнөн келип түшкөн каражаттарды пайдаланууда, маанилүү аспекттеринде мыйзам талаптарына шайкештиги аныкталды.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде каржылоону бөлүштүрүшчүлөр болуп төмөнкүлөр эсептелген:**

- Биринчи кол коюу укугу менен: "Кыргыз Туусу" гезитинин редакциясынын башкы редактору 2021-жылдын 16-февралына чейин Э.Т. Балбаков, 2024-жылдын 1-ноябрына чейин М.Б. Тыналиев, 2024-жылдын 2-декабрынан тартып азыркы күнгө чейин А.О. Кулматов;

- Экинчи кол коюу укугу менен: "Кыргыз Туусу" гезитинин редакциясынын башкы эсепчиси 2005-жылдын 26-августунан тартып азыркы күнгө чейин Д.М. Исаева.

Аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын программасынын жана аудитке көрсөтүлгөн документтердин негизинде жүргүзүлдү. Иштин көлөмүнүн чоңдугуна жана убакыттын чектелгендигине байланыштуу, аудит тандалма негизинде жүргүзүлдү, бул бухгалтердик эсепти жана башка каталарды байкабай тобокел салуу укугун өзүнө калтырат.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы" жөнүндөгү конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык, аудитке берилген бардык бухгалтердик, каржылык документтердин жана отчеттордун толуктугу жана аныктыгы үчүн жоопкерчилик мекеменин жооптуу насыя тескөөчүлөрүнө жана башка аткаруу кызматкерлерине жүктөлөт.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштарынын аткарылышы**

"Кыргыз Туусу" газетасынын редакциясынын 2015-жылдын 1-январынан тартып 2017-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгындагы аудиттин жыйынтыгы боюнча 7-пункттан турган 2018-жылдын 2-майындагы №01-4/92 жазма буйрук жөнөтүлгөн. Ал толугу менен аткарылган.

**Аудит объектиси боюнча кыскача мүнөздөмө**

"Кыргыз Туусу" газетасынын редакциясынын Уставы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 15-июнундагы №352 токтому менен бекитилген.

Мекеменин уюмдаштыруучусу болуп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети эсептелет.

Мекеменин негизги тармагы болгон өлкөдөгү жана дүйнөдөгү коомдук-саясий, социалдык, ишкердик жана маданий турмуштагы окуялар жана процесстер жөнүндө маалыматтык жана публицистикалык материалдарды жарыялоо боюнча негизги көрсөткүчтөрү:

- 2020-жыл ичинде – 87 гезит жүгүртүүгө чыгарылган жалпы нускасы 436369 дaананы түзгөн;
- 2021-жыл ичинде – 97 гезит жүгүртүүгө чыгарылган жалпы нускасы 465346 дaананы түзгөн;
- 2022-жыл ичинде – 94 гезит жүгүртүүгө чыгарылган жалпы нускасы 502878 дaананы түзгөн;
- 2023-жыл ичинде – 97 гезит жүгүртүүгө чыгарылган жалпы нускасы 445302 дaананы түзгөн;
- 2024-жыл ичинде – 98 гезит жүгүртүүгө чыгарылган жалпы нускасы 411379 дaананы түзгөн.

## Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Туусу" Басма үйү мекемесинин ишмердүүлүгүнө аудит жана талдоо жүргүзүү

**Аныкталды жана корутунду:**

Өндүрүштүк-финансылык план жана көрсөткүчтөр ишканалардын натыйжалуу иштешине, максаттарына жетүүсүнө жана өзгөрүлүүчү шарттарга ыңгайлашуусуна мүмкүндүк берүүчү башкаруунун маанилүү куралы болуп саналат. План жана көрсөткүчтөр өндүрүш көлөмү, пайданын деңгээли, рыноктун үлүшү сыяктуу белгилүү бир убакыттын ичинде мекеме жетишүүгө тийиш болгон конкреттүү максаттарды белгилейт.

Мекемеде 2020-жылдын 1-январынан тартып 2024-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата белгиленген тартипте өндүрүштүк-финансылык план түзүлгөн эмес. Мекемеде жумуш өз агымында, плансыз жана стратегиялык максатсыз (операциялык ишмердүүлүктүн кирешелерин жогорулатуу планы жана көрсөткүчтөрү (жарнама жана гезитке жазылууну жогорлатуу, өзгөрүлүүчү шарттарга ыңгайлашуу) жүргүзүлөт.

**Сунуш:** Мындан ары, өндүрүштүк-финансылык пландын, стратегиялык максаттардын түзүлүүсү камсыздалсын.

### Эмгек акы фондуна жүргүзүлгөн аудит

Мекеменин 2024-жылга штаттык түзүмү башкы редактору тарабынан жалпы 28 штаттык бирдикте, 2023-жылга 28 штаттык бирдикте, 2022-жылга 29 штаттык бирдикте, 2021-жылга 30 штаттык бирдикте жана 2020-жылга 30 штаттык бирдикте бекитилген.

Аудит мезгили ичинде Мекеме эмгек акыны төлөөдө төмөндөгү ченемдик укуктук актыларга ылайык иш алып барган:

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Эмгек келишиминин жана отпуска жөнүндө каттын болжолдуу түрүн бекитүү жөнүндө” 1999-жылдын 12-мартындагы №145 токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 15-июнундагы №352 токтому менен “Кыргыз Туусу” газетасынын редакциясынын бекитилген жобосу;
- 2014-жылдын 3-мартындагы “Кыргыз Туусу” газетасынын редакциясынын директору-башкы редактору тарабынан редакциялык кеңеште бекитилген, Кызматкерлерди моралдык-материалдык жана финансылык жактан сыйлоо жөнүндө жобо.

**Аныкталды:** 2014-жылдын 3-мартындагы “Кыргыз Туусу” газетасынын редакциясынын директору-башкы редактору тарабынан редакциялык кеңеште бекитилген, Кызматкерлерди моралдык-материалдык жана финансылык жактан сыйлоо жөнүндө жобонун 5.1-пунктуна ылайык, сый акы каржылык мүмкүнчүлүк болгондо деп белгиленген.

**Корутунду:** 2020-жыл ичинде Мекеменин кызматкерлерине Кыргыз Республикасында Эмгек кодекси менен белгиленген бардык майрамдарга карата сый акы берилген, ал жалпы суммасы 982,8 миң сомду жана 2022-жыл ичинде 1526,0 миң сомду жана 2024-жыл ичинде 2534,6 миң сомду түзгөн.

Ошол эле учурда, Мекеменин 2020-жылга таза кирешеси (-) 970,9 миң сомду, 2022-жылга таза киреше (-) 394,6 миң сомду, 2024-жылга таза киреше (-) 2993,4 миң сомду түзгөн.

Мекеменин кызмат адамдары тарабынан ички көзөмөлдүн жоктугунун натыйжасында, аудит мезгили ичинде Мекемеде жалпы **5043,4 миң сомдун** сарамжалсыз пайдаланылышына жол берилген.

**Сунуш:** Мындан ары, сый акы берүү Мекеменин каржылык мүмкүнчүлүгү жок учурда токтотулсун. Каражаттарды сарамжалсыз пайдаланылышан жол берген Мекеменин жетекчилигинин жана жооптуу кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

## Мамлекеттик сатып алуулар маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик актыларынын сакталышына аудит

Аудит камтыган мезгил аралыгында Мекеме мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иш алып барылган эмес.

**Аныкталды:** 2015-жылдын 3-апрелиндеги №72 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана 2022-жылдын 14-апрелиндеги №27 "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, сатып алууларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу эрежелери Мыйзамда көрсөтүлгөндөй аткарылбаганы аныкталган.

Мекемеде сатып алууларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу эрежелери бекитилген эмес.

**Корутунду:** Аудит мезгили ичинде Мекеме товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууну, жогоруда белгиленген ченемдик-укуктук актыларынын ченемдерин бузуу менен, тактап айтканда, накталай акча каражаты аркылуу жүргүзгөн, анын жалпы суммасы **5872,7 миң сомду** түзгөн, анын ичинен: 2024-жыл ичинде – 2330,7 миң сом жана 2023-жыл ичинде – 469,9 миң сом, 2022-жыл ичинде – 851,8 миң сом, 2021-жыл ичинде – 1331,4 миң сом, 2020-жыл ичинде – 888,9 миң сом.

**Сунуштама:** Сатып алууларды конкурс өткөрбөстөн, накталай акча каражаттары аркылуу жүргүзүүгө жана “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аудитор** **А.А. Раматилаев**